УДК: 94(575.2):37
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-162-166

**Асекова С.У.**
тарых илим. канд., доц.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Асекова С.У.**
канд. истор. наук, доц.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Asekova S.U.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗ СОВЕТ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ЭТАПТАРЫНДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН ТҮЗҮЛҮШҮ

# СТРУКТУРА МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ НА ЭТАПАХ КЫРГЫЗСКОГО СОВЕТСКОГО ГОСУДАРСТВА

# THE STRUCTURE OF LOCAL SELF-GOVERNMENT AT THE STAGES OF THE KYRGYZ SOVIET STATE

**Аннотация:** Макалада кыргыз совет мамлекетинин түптөлүшү жана өнүгүшү мезгилинде тарыхый иликтөөлөрдүн негизинде Кыргызстандагы жергиликтүү бийликтин ролун ачып берүү маселеси көтөрүлдү.

**Негизги сөздөр:** кыргыздар, революция, жергиликтүү бийлик, советтер, улуттук, партия, конституция.

**Аннотация:** В статье рассматриваются вопросы, касающиеся раскрытия роли местной власти в Кыргызстане на основе исторических исследований в период становления и развития кыргызского советского государства.

**Ключевые слова:** кыргызы, революция, местная власть, советы, национальный, партия, конституция.

**Annotation:** The article deals with the issues of revealing the role of local government in Kyrgyzstan on the basis of historical research in the period of formation and development of the Kyrgyz Soviet state.

**Keywords:** kyrgyz, revolution, local government, councils, national, party, Constitution.

1917-жылдын 24-октябрында (жаңыча 7-ноябрда) Орусия империясынын борбору Петроградда терең маанилүү тарыхый окуя болуп өткөн. Бул күнү Большевиктер партиясынын жетекчилигинде башталган куралдуу көтөрүлүш жеңишке жетип, Убактылуу Өкмөт кулатылып, анын ордуна Советтердин бийлиги орнотулган. Советтердин Бүткүл орусиялык 2-съезди В.И.Ленин башында турган жумушчу-дыйкандардын биринчи өкмөтү — Эл Комиссарлар Советин шайлаган. Съездде эң маанилүү маселелер тынчтык жана жерге болгон жеке менчикти жоюу жөнүндөгү Декреттер кабыл алынган. Орусия элдеринин тарыхында биринчи жолу жер дыйкандарга, завод-фабрикалар, шахталар, темир жолдор жумушчуларга берилген. Бул чечимдердин мааниси абдан зор эле. Карапайым жумушчу,

дыйкандардын өкүлдөрү мамлекетти башкарууга катышууга мүмкүнчүлүк алышкан. Орусия империясынын курамындагы улуттардын тең укуктуулугу жарыяланган.

1917-жылы ишке ашкан Улуу Октябрь Социалисттик революциясы эзилген элдерди таптык жана улуттук эзүүдөн куткарган. Бир гана Россия жана Борбор Азия гана эмес, бүтүндөй дүйнө жүзүн өзгөрткөн Октябрь революциясынын натыйжасында оңтойлуу шарт түзүлүп, кыргыздар эңсеп келген мамлекеттүүлүгүн жаңы формада калыбына келтирүүгө жетише алышты. Байыркы мамлекетин, андан кийин Улуу кыргыз державасы деп аталган империяны колдон учургандан бери өз алдынча мамлекет куруу идеясы - бул кыргыздардын түбөлүк умтулуусу болуп келди. Ал эми эркиндик жана азаттык үчүн күрөш улуттук идеяга айланып, тарыхый татаал жолун аныктап, аны алдыга сүйрөп келди. Ушул улуттук идея 20-кылымдын башына мамлекет курууга жөндөмдүүлүгүнөн ажыратпай, пассионардуулугун, жаратман энергиясын, жашоого эркин мокотпой жеткирген, элди эл кылган, эчен сыноолордон жок кылбай аман келишин шарттаган зор күч катары кызмат кылды. Ошондуктан тарыхый ар бир оңтойлуу учурда эркин мамлекет куруу идеясы кыргыз элинин аң-сезимин бийлеп, анын саясый турмушунун алдыңкы планына чыгып турган [10].

Кыргыз жергеси 1917–1924-жылдары Түркстан АССРнин курамында туруп, 1924-жылы 14-октябрда РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз (1925-жылдын майынан Кыргыз) автономиялуу облусту түзүлгөн. 1926-жылы февралда Кыргыз автономиялуу облусту Кыргыз АССРине, 1936-жылы 5-декабрда Кыргыз АССРи Кыргыз ССРине айланган.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин Пролетариат диктатурасы мамлекеттик башкарууда жергиликтүү башкаруунун эски системасын өзгөртүүгө активдүү иш-аракеттерин жүргүзгөн. Убактылуу өкмөт учурунда түзүлгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу аз убакытка гана өкүм сүргөн. Убактылуу түзүлгөн Жумушчу жана Дыйкан Өкмөтүнүн биринчи декреттеринде «Азык-түлүк иштериндеги шаардык өз алдынча башкаруунун укуктарын укуктарын кеңейтүү жөнүндө» (1917-жылдын 28-октябрында чыккан), «Турак-жай маселесин жөнгө салуу боюнча шаардык өз алдынча башкаруунун укуктары жөнүндө» (1917-жылдын 30-октябрында чыккан), «Волосттук жер комитеттери жөнүндө» (1917-жылдын ноябрындагы Эл комиссариатынын токтому) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын кенейтүү иш-аракеттери каралгандыгына карабастан жаңы бийлик эски системанын нугу боюнча кете албастыгын көрсөткөн. Бардык шаардык жана жергиликтүү мекемелердин ишмердүүлүгүн бириктирүү максатында 1917-жылы 19-декабрда «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча комиссариатты түзүү жөнүндө» декретке кол коюлат. Жаны түзүлгөн Комиссариатка жергиликтүү чарба иштери, шаардык жана жергиликтүү насыя берүүнүн кассалары жана башка жергиликтүү маанидеги социалдык маселелерди чечүү укуктары каралган. 1917-жылы 24-декабрда жумушчу, солдат, дыйкан жана батрак депутаттардын бардык советине ички иштер боюнча эл комиссариаты Советтерге жергиликтүү маселени чечүү боюнча иш-аракеттерди колго алуу боюнча кайрылуу жолдойт. Себеби бул түзүлгөн Жергиликтүү союздун курамындагылардын көпчүлүгү Ак гвардияга өтүп кеткен.

1918-жылы РСФСРдин Конституциясын даярдоодо «Совет бийлигинин Конструкциясы» бөлүмүндөгү «Жер-жерлерде Совет бийлигин уюштуруу» бөлүгү (долбоордун түзүүчүлөрү П.П. Ренгартен, М.А. Рейснер солчул эсэрчилер болгондуктан) БАКтын комиссиясы тарабынан киргизилбейт.

Большевиктик мамлекеттин негиздөөчүсү В.И. Ленин «Бүткүл бийлик Советерге» деген ураан менен, бардык мамлекеттик иш-аракеттер Советтерди өнүктүрүү менен багыталыш керек деген. Совет мамлекетинин башкаруу структурасынын түзүлүш этабында Ленин мамлекеттик бийликке көз каранды болбогон автономдуу институт катары жергиликтүү өз алдынча башкарууга каршы турган. В.И. Ленин «Жергиликтүү Советтер демократиялык

борбордоштуруу процессинде жалпы мамлекеттик, бекем Совет бийлигине бирдиктүү биригишет», деген [7]. Натыйжада демократиялык централизм доору башталып, анын принциптеринин бири болуп башкаруунун төмөнкү звенолорунун жогорку звенолорго баш ийгендиги саналган. СССРдеги Советтер системасы борборлоштурулган мамлекеттик бийлик болуп эсептелинген.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун советтик модели Кыргызстанда 1917-жылдан 1991-жылга чейин өкүм сүргөн.***

1924-жылы түзүлгөн Кара-Кыргыз автономиялык областында советтер системасы толугу менен бекемделет. Кара-Кыргыз автономиялык областы 75 болуштукту, 6 шаарды, 721 кыштакты жана 5 хуторду бириктирип (3.190, 20-б), жалпы территориясы 195,7 км кв. Түзгөн. Анда 7370000 адам жашап, алардын 65,5% – кыргыздар, 16,8% – орустар, 15,4% – өзбектер, 1,3% казактар жана 3,5% башка улуттардын өкүлдөрү болушкан [8, 103-б.]. Улуттук мамлекетти түзүү менен автономиялык областты башкаруу ишин жүзөгө ашыра турган мамлекеттик бийлик органдарын түзүү зарылдыгы жаралды. 1924-жылдын 21-октябрында РСФСРдин ББАКынын Президиумунун чечими менен курамында 17 адамдан турган Революциялык комитетин түзөт. ККАОнун Ревкомунун негизги милдеттери болуп мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашыруу, областтык мамлекеттик аппаратты түзүү, Ревком бүткүл мамлекеттик бийлик жана башкаруу укуктарын өткөрүп берүүгө милдеттүү болгон Советтердин Уюштуруу съездин даярдоо жана чакыруу болгон.

Мамлекеттик бийлик жана башкаруу структурасынын натыйжалуу иштешинде жергиликтүү бийликти бекемдөө чоң роль ойногон. Бул үчүн эң биринчи кезекте административдик-аймактык түзүлүштү туура чечип, райондоштуруу комиссиясы түзүлгөн.

1926-жылдын 6-декабрында ББАК “Кыргыз автономдук областын административдик бөлүнүшү тууралуу” токтом кабыл алат. Натыйжада Кыргыз автономдуу областы 4 округга (Пишпек, Ош, Жалал-Абад, Каракол), 7 кантонго (Фрунзе, Чүй, Талас, Каракол, Нарын, Ош, Жалал-Абад) жана 72 болуштукка бөлүнөт [3, 135-б.]. Бул аймактарга жергиликтүү башкарууну бекемдөө үчүн кантондорго советтердин уезддик съезди жана уезддик аткаруу комитеттеринин Жобосун, болуштуктарга советтердин болуштук съезди жана болуштук аткаруу комитеттеринин Жобосун жайылтуу зарылдыгы келип чыккан. Жергиликтүү Советтер, курултайлар жогорку бийлик органдарынын көрсөтмөсү боюнча иш жүргүзүп жоопкерчиликтүү болушкан. Областтык Советтердин курултайы жетектөөчү ролду ойноп, жергиликтүү Советтерди түздөн-түз көзөмөлгө алуу менен кабыл алган чечимдерин жокко чыгаруу укугуна да ээ болушкан.

Областтык Ревком мамлекеттик аппаратты эң кыйын татаал шарттарда түзгөн. Жер-жерлерде улуттук кадрлар жетишкен эмес. Улуттук кадрларсыз жаңыдан түптөлүп келе жаткан мамлекеттүүлүктү бекемдөө жана башкарууну кыргыз элинин кеңири массасына жеткирүү мүмкүн эмес болчу [5, 180-б.]. Башкарууну жайылтууда Ревкомдун ишине бийлик үчүн кыргыз кызматкерлеринин ортосундагы топтук күрөш, уруучулдук белги боюнча бөлүнүү бир топ кедерги болуу менен кыйынчылыктарды жараткан.

Ал эми 1929-жылдагы Кыргыз АССРинин Конституциясы боюнча бардык бийлик жумушчу, дыйкан жана Кызыл Армия депутаттарынын Советине тийиштүү болуп, жергиликтүү бийликти Жергиликтүү аткаруу комитеттери, анын Президиуму жана депутаттар Совети жүргүзөт деп көрсөтүлөт [9, 41-б.]. 1929-жылдагы Кыргыз АССРинин Конституциясынын 3-бөлүмү “Жергиликтүү бийликке” арналган. 51-беренеси Жергиликтүү Советтерге чакыруу, шайлоо, жалпы жоболору КААСРдин Боробордук комитети тарабынан каралат делет.

1926-ж. акырында Кыргыз өкмөтү көчмөн райондорду советтештирүү боюнча Атайын комиссия түзөт. Аталган комиссиянын сунушу менен 1927-ж. Суусамыр жайлоосунда

кантондук аткаруу комитетинин укугуна ээ болгон Жайлоо (көчмөн) Совети түзүлгөн. Ал 15-майдан 15-сентябрга чейин иштеген. 1927-жылдын февраль айында өткөн Кыробкомдун аткаруу бюросунун жыйынында Жайлоо советинин убактылуу Жобосу жана штаты каралган. Жобо 1927-ж. 17-майында бекитилген. Анда: “Суусамыр жайлоосунун жана ага ыктай жайгашкан болуштуктардын аймактарында жашаган калкты административдик, чарбалык жана маданий жактан тейлөөнү камсыз кылуу, революциялык тартипти орнотуу жана калктын турмуш абалын изилдөө максатында кантондук аткаруу комитетинин укугуна ээ болгон жергиликтүү Жайлоо совети уюштурулсун. ... Жайлоо Совети өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде көрсөтүлгөн аймактагы эң жогорку бийлик органы болуп эсептелет жана ага баш ийген аймактагы бардык болуштуктардын аткаруу комитеттери, айыл кеңештери, ошондой эле ушул аймакта иштеп жаткан бардык кызматкерелер баш иет” деп айтылган. Жайлоо Советтери өздөрүнүн ишмердүүлүгүн жайлоо шарттарына ыңгайлаштырып иштешкен. 1931-жылы Кыргызстанда 13 жайлоо советтери болгон. Жайлоо советтеринин милдеттерине өздөрү башкарган жерде мамлекеттик тартипти, коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, революциячыл мыйзамдуулукту сактоо; көчмөн элдин маданий-чарбалык абалын, турмуш-тиричилигин жакшыртуу; жогорку бийлик органдарынын чечимдерин ишке ашыруу жана башка көптөгөн иштер кирген. Айыл чарбанын коллективдештирүүдөгү жетишилген ийгиликтерге байланыштуу райондук аткомдун укугунда иштеген жайлоо советтеринин зарылдыгы болбой калгандыктан 1933-жылы жоюлуп, туташ коллективдештирүүнүн негизинде бай-манаптар тап катары жоюлгандан кийин калган жайлоо советтери (айыл советинин укугундагы) 1934-жылы өз милдетин айыл Советтерине өткөрүп берген [11].

1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясында бардык бийлик шаар, айыл, кыштактардагы эмгекчи депутаттардын Советине таандык болуп, Конституциянын 5-бөлүмү мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдарына арналган. 54-беренеде райондордогу, шаарлардагы, поселоктордогу, айылдардагы, кыштактардагы мамлекеттик бийликтин органдары болуп эмгекчилердин депутаттар Совети саналат деп көрсөтүлөт [1]. 1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясы 5-бөлүмү “Мамлекеттик бийликтин жергиликтүү органдары” деп аталып, райондордо, шаарларда, поселоктордо, айыл-кыштактарда жергиликтүү мaанидеги маселелерди чечүү укугу эмгекчи депутаттар Советине жүктөлгөн.

Иш жүзүндө жогорку советтер да, жергиликтүү советтер да реалдуу бийликке ээ боло алышкан эмес. СССРдеги мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүктүү органдары бирдиктүү партиялык-мамлекеттик системанын бир бөлүгүн түзгөн. Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын жетекчилигисиз советтер маанилүү чечимди кабыл алуу укугуна ээ болушкан эмес.

1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясынын 2-беренесинде Кыргыз ССРинде бардык бийлик элге таандык жана эл мамлекеттик бийликти Кыргыз ССРинин саясий негизин түзгөн эл депутаттарынын Советтери аркылуу жүзөгө ашырып, башка мамлекеттик органдардын бардыгы эл депутаттар Советинин көзөмөлүндө болуп, жоопкер болушат деп көрсөтүлөт. Конституцияда жергиликтүү бийликти жергиликтүү депутаттар Совети аткарып, жергиликтүү маанидеги бардык маселелерди чечет деп айтылат [2, с.50]. 1978-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясы боюнча 6-бөлүм “Кыргыз ССРинин мамлекеттик бийлик жана башкаруунун жергиликтүү органдары” деп аталып областтарда, райондордор, шаарларда, поселоктордо, айылдарда мамлекеттик бийлик органы болуп Эл депутаттар Совети саналган.

Элдик бийликтин элементи катары өз алдынча башкаруу идеясы формалдуу түрдө социалисттик мамлекеттик түзүлүштүн негизине салынган жана мамлекеттик бийликтин бардык деңгээлдеринде эл депутаттар советтерин жана алардын аткаруучу органдарын

түзүүдөн туюнтулган. СССРдин курамындагы союздук республикалардын мамлекеттик жана коомдук турмушунун бардык чөйрөсүндө мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун органдары Конституция жана Совет бийлигинин таанылган органы аркылуу эмес, мамлекеттин өзөгүн түзгөн партиялык номенклатуранын чечими, көрсөтмөсү жана талаптары аркылуу ишке ашырылган.

Совет доорунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу түшүнүгү буржуазиялык демократиянын саясий институту катары түшүндүрүлгөн. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында "өз алдынча башкаруу" термини саясий түшүнүк катары аз гана колдонулганы болбосо кийинчерээк толугу менен алынат [4, 102-б.]. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу категориясы социалисттик демократияга дал келбейт деп каралган.

Мурунку СССРдин тутумундагы Кыргызстанда юридикалык жактан жергиликтүү өз алдынча башкаруу биринчи жолу 1990-жылдын 9-апрелиндеги «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү чарбалардын жалпы башталышы жөнүндөгү» СССРдин мыйзамы менен аныкталган. 1991-жылы мамлекеттик көз карандысыздыкты алгандан кийин Кыргызстандын алдында мамлекеттик бийликтин борбордоштурулган түзүлүшүн борбордон оолактатуу менен демократиялык түзүлүшкө айлантуу милдети коюлган. Ошентип Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоо эгемендүүлүктүн алгачкы күнүнөн баштап эле учурдун мамлекеттик башкаруусундагы маанилүү көйгөйгө айланган. Реформанын эң башкы талабы мамлекеттик бийликти, менчикти жана бюджетти борбордон оолактатып, мамлекеттик органдын айрым аткаруучу кызматтык укуктарын жана материалдык каржылык көрөңгөлөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз ыгы менен өткөрүп берүү болгон [6, 5-б.].

Ыйгарым укуктарга толук ээ болбосо да совет мамлекетин түптөөдө, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бардык этаптарында жергиликтүү бийлик аткаруучулук функциясын мыйзам чегинде аткаргандыгы маалым.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Конституция (Основной Закон) Киргизской Советской Социалистической Республики: с изм. и доп., принятыми Верховным Советом Кирг ССР 19 июля 1938 г. – Фрунзе: Киргосиздат, 1938. – 22 с.
2. Конституция (Основной Закон) Киргизской ССР // Ведомости Верховного Совета КиргССР. – 1978. – № 8. – С. 85–124.
3. Арабаев А.А. Современный Кыргызстан. – Бишкек, 2009. – 672 с.
4. Выдрин И.В., Кокотов А.Н. Муниципальное право России. – М., 1999.
5. История кыргызов и Кыргызстана: Учебное пособие для вузов. – Бишкек: Илим, 1995. – 328 с.
6. Кошоев, Т.К. Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реформалоо иши. // Кыргыз Респ. жергиликтүү жамааттар конгрессинин жарчысы. – 1999. – № 1. – 8-б.
7. Ленин В. И. Полное собрание сочинений. – М.: Политиздат, 1981. – Т. 36. – 741 с.
8. Нурбеков К.Н. Возникновение киргизской советской национальной государственности. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964 г. – 151 с.
9. Сооданбеков, С. Кыргыз Республикасынын Конституциялык укугу. – Бишкек, 2001. – 128-б.
10. http://mnenie.akipress.org/unews/un_post:9129
11. https://kg.tyup.net/zhajloo-sovetteri-1958

**Рецензент: тарых илим. канд., доц. Эсеналиева Г.Ө.**